**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО МИНИСТРЛИГИ**
**И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**БИОТЕХНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

Диссертациялык кеңеш Д 03.17.558

Кол жазма укугунда
УДК 578.823.2

**Жугунисов Куандык Даулетбаевич**

# БЛУТАНГ ЫЛАҢЫНЫН ПРОФИЛАКТИКАЛЫК КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АГА КАРШЫ ВАКЦИНА ДАЯРДОО ТЕХНОЛОГИЯСЫН ЖАКШЫРТУУ

03.01.06 – биотехнология

Биология илимдеринин кандидаты илимий даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
авторефераты

**Бишкек – 2019**

Диссертациялык иш Казакстан Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Илим комитетине караштуу «Биологиялык коопсуздуктардын көйгөйлөрү илим-изилдөө институтунда» жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биотехнология институтунда аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Жунушов Асанкадыр Темирбекович** ветеринария илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корр., Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биотехнология институтунун директору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Серикбаева Асия Демеухановна** биология илимдеринин доктору, Казак Улуттук агрардык университетинин технология жана тамак-аш азыктарынын коопсуздугу кафедрасынын профессору |
| | **Нургазиева Асель Рысбековна** биология илимдеринин кандидаты, А. Дуйшеев атындагы Кыргыз илим-изилдөө Ветеринария институтунун вирусология жана биотехнология лабораториясынын улук илимий кызматкери |
| **Жетектөөчү (оппоненттик) уюм:** | Казакстан Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Илим комитетине караштуу Улуттук биотехнология борбору (010000, Нур-Султан шаары, Кургальжин көчөсү, 13/5). |

Диссертацияны коргоо 2019-жылдын 24-майында саат 12.00 И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биотехнология институтуна караштуу Д 03.17.558 диссертациялык кенештин отурумунда өткөрүлөт (дареги: 720020, Бишкек ш., Ахунбаев көчөсү, 92а), конференция залы, онлайн режиминдеги коргоонун коду ZOOM webinar 8607586340.

Диссертация менен И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын (720020, Бишкек ш., Ахунбаев көчөсү, 92а), Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биотехнология институтунун (720071, Бишкек ш., Чуй проспекти, 265) китепкаларынан жана http://kgma.kg сайтынан таанышууга болот.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы м.и.к., доцент** **Сабирова Т. С.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуальдуулугу.** Блутанг - (койдун катаралдык безгеги) кан соруучу чиркейлердин *Culicoides* түрүнөн жугуучу кепшөөчү жаныбарлардын трансмиссивдик, вирустук жугуштуу ооруу болуп саналат. Бул ооруу мал-чарбачылык азык-түлүктөрү менен жаныбарлардын эл аралык деңгээлдеги соода-сатык чөйрөсүндөгү олуттуу социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү жаратат (Кухаркина О.В. ж.б., 2010; Jacquot M. etall, 2017).

Блутанг (БТ) көптөгөн өлкөлөрдө катталган, алардын катарына Россия жана Кытай мамлекеттери да кирет (Луницын Ф.В., 2008; Kirkland P.D. etall., 2002). Акыркы жылдары Кыргызстандан, Казакстан менен Монголиядан серопозитивдик жаныбарларды кезиктирүүгө болот (Муруева Г.Б., 2011; Lundervold M., 2004; Avci Oetall., 2014).

Блутангдын вирустары (БТВ) үчүн эпизоотика аралык мезгилинде табийгый резервуар болуп ИММ, жапайы кепшөөчү жаныбарлар жана үй жаныбарларынан эчкилер эсептелинишет (Luedke A.J. etall., 1969; Luedke A.J., 1977). Негизги вирусту ташуучулар болуп кан соргуч чымындардын (гнус) компонентерине кирүүчү чагуучу майда кан соргучтар түркүмү саналат (Venter G.J. etall., 2015). Бул жагдай оорунун табигый булагын, мүнөзүн аныктайт. Айлана-чөйрөнү курчап турган абанын жогорку температурасы жана ашыкча нымдуулук жугуштуу ооруларды оңой кабыл алуучу жаныбарлардын жана курт-кумурскалардын жайдагы массалык фактору болуп эсептелинет (Jacquot M. et all, 2017).

Ошондуктан, блутангдын мындан кийинки дагы жайылуусун токтотуу максатында эпизоотикага карама-каршы иш-чаралардын системасынын абдан маанилүү жана татаал маселелери болуп жугуштуу ооруларды оңой кабыл алуучу жаныбарлардын атайын алдын алуусу саналат.

Блутангдын алдын алуу үчүн аттенуирдик штаммдардан даярдалган тирүү вакциндердин ар кандай түрлөрү иштелип чыкты (Alexander R.A. et all., 1951; Cox H.P. et all., 1954). Бирок, тирүү вакциналардын жогорку натыйжа бергендигине карабастан, БТ менен көп жабыркаган өлкөлөргө колдонууга сунушталбайт, анткени, алып жүрүүчү организм аркылуу вакциндик штаммдар рекрутирлениши мүмкүн жана патогендүү формага айланып, андан кийин сыркоонун оор формасына өтөт (Foster M.M. et all. 1980). Ошондуктан, инактивацияланган вакциналарды колдонуу бир кыйла коопсуз болуп эсептелинет жана көптөгөн европа өлкөлөрүндөгү очокторду көзөмөлдөөгө тажрыйба жүргүзүлүп, вирустун канда айланышына жана төмөндөшүнө мүмкүнчүлүк түзүлөт (Noad R. et all, 2009).

НИИПББда вирустук БТга каршы 4 жана 16 серотиптерге вакцина

иштелип чыккан. Бирок, бул дары (препарат) койлор үчүн гана иштелип чыккан, эмделгенден кийин  жаныбарларда иммунитет  6 айга чейин созулат (Абдураимов Е.О., 2016). Эл аралык эпизоотикалык бюронун (ЭЭБ) талаптарына ылайык, БТга каршы вакциналар  берилгенде, эмделген жаныбарлардагы иммунитеттин сакталып турушунун узактыгы 1 жылдан кем эмес  болот (OIE, 2000).

Бул маселелерге байланыштуу, биздин изилдөөнүн максаты инактивацияланган биваленттик вакциналарга каршы 4чү, 16чы серотиптерге жакшыртылган технологияларды иштеп чыгуу аркылуу ири мүйүздүү жаныбарлар (ИМЖ) менен майда мүйүздүү жаныбарлардагы (ММЖ) жана иммуногендик натыйжалуулукту изилдөө.

**Диссертациянын темасынын приоритеттик илимий багыттары ири илимий программалары (долбоорлору), негизги илим изилдөө иштери, билим берүү жана илим-изилдөө мекемелери менен болгон байланыштары.** Диссертациялык иш Казакстан Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Илим комитетинин республикалык илимий гранттарынын негизинде аткарылды  (№0109РК00450; №0112РК00306), ошондой эле,  Казакстан Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Илим комитетинин 2016-2018-жылдардагы KZ-32 «Prevalence of *Brucella* species and bluetongue virus serotypes among domestic livestock or ruminants in Southern Kazakhstan» Эл аралык долбоорунун алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты.** Изилдөөнү жүргүзүүдө инактивацияланган биваленттик эмульгирленген вакциналарды БТга каршы өркүндөтүү технологиясын даярдоо жана ири мүйүздүү жаныбарлар менен майда мүйүздүү жаныбарлардагы иммуннобиологиялык касиеттерин изилдөө.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Казакстандын түштүк аймактарындагы сезимтал жаныбарлардын вирустук БТга болгон антиденечелеринин эпидемиологиялык жагдайын изилдөө;

2. клеткаларды ылгап  өстүрүү жана вирустук БТнын суспензиялык өстүрүү шарттарын өнүктүрүү;

3. вирустук БТ бета-пропиолактон (БПЛ) менен инактивация режимин өнүктүрүү;

4. адъюванттык курамды өнүктүрүү жана инактивацияланган вакцинанын эксперименталдык сериясын даярдоо;

5. иммундаштыруунун өлчөмүн аныктоо, өнүктүрүлгөн вакцинаны киргизүү ыкмасы, ошондой эле ири мүйүздүү жаныбарлар менен майда мүйүздүү жаныбарлардагы иммунитеттин узак сакталышы;

6. жарактуулук  мөөнөтүн изилдөө жана  вакцинанын ар кандай

температурага жана жыл мезгилдерине туруктуулук режими;

7. вакцинаны даярдоодогу комиссиялык сыноо технологияларын өнүктүрүүнү, нормативдик-техникалык иш кагаздарын (НТИ) бекитүүнү жана аларды иштеп чыгууну иш жүзүнө ашыруу.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.** Казакстандын түштүк аймагында инфекциянын алдын алуу боюнча жана ага тез реакция кылуу үчүн биринчи жолу айыл чарба жаныбарларына толук кандуу серомониторинг жүргүзүлгөн. Жыйынтыгында Казакстандагы блутангдын эпидемиологиялык абалы аныкталды.

Алгачкы жолу Казакстанда вирустук БТга 4 жана 16 серотиптерге каршы биваленттик инактивацияланган эмульгирленген вакцина иштелип чыккан, жаңы коммерциялык майлуу адъюванты Montanide™ ISA-71VG пайдалануу менен, ири мүйүздүү жаныбарлар менен майда мүйүздүү жаныбарларга жүргүзүлгөн тажрыйбада анын иммунобиологиялык касиеттери өздөштүрүлгөн, ошондой эле протективдик натыйжалуулугуна баа берилген.

Суспензиялык ыкма менен өстүрүлгөн вирус репродукциялоочу жана өрчүтүлгөн ВНК-21 жана El-4 үзгүлтүксүз клеткалык түзүлүшүнүн технологиялык өзгөчөлүктөрү аныкталган. Изилдөөнүн жыйынтыгында өрчүтүлгөн ВНК-21 тандалган, андан биологиялык активдүүлүгү бир кыйла жогору болгон вирусту алуу мүмкүнчүлүгү бар.

Жүргүзүлгөн эксперименттин жыйынтыгында БПЛ пайдалануу менен максималдуу антигендик активдүүлүктү сактоочу инактивацияланган оптималдуу вирустук БТнын параметрлери тандалган.

Кзахстан Республикасынын Юстиция министрлигинин Интеллектуалдык менчик укуктары боюнча Комитети тарабынан берилген изилдөөнүн жаңылыгы боюнча ойлоп табуулар 5 автордук күбөлөр менен тастыкталган (№63210, 63307, 71197, 75809, 75814)

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.** Өткөрүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында вирустук БТ 4 жана 16 серотиптерге каршы вируленттик штаммдардан вакцина даярдоочу технология өнүктүрүлүп, ири мүйүздүү жаныбарлар менен майда мүйүздүү жаныбарлар үчүн жогорку иммуногендик, коопсуздалган жана натыйжаланган бивалентик ири вакцинаны алуу мүмкүнчүлүгү ишке ашырылды. Бул профилактикалык биопрепаратка карата нормативдик-техникалык иш кагаздары түзүлдү жана тастыкталды.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү.** Вакцинаны иш жүзүндө колдонуу вирустук БТга каршы иммунопрофилактикалык иш-чараларды өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет, ал эми ооруу күчөп бараткан учурда дароо жок кылуу керек. Вирустук БТга каршы вакцинанын 1 дозасынын наркы бул технология боюнча чет өлкөлүк аналогдорго салыштырмалуу 7 эсеге аз болуп, 55,8 теңгени түзөт.

**Диссертациянын коргоого чыгарылган негизги жоболору.** ВНК-21 өндүүлгөн клеткаларында вирустук БТ 4 жана 16 серотиптеги суспензиялык өстүрүлгөн параметрлерин оптималдаштыруу.

Вирустук БТнын 4 жана 16 серотиптүү БПЛ штаммдарын инактивацияланган режимде эпизоотикалык жактан жакшыртуу.

ГОА менен сапониндин иммуностимулдук касиеттерин жана инактивацияланган бивалентттик вакцинанын курамындагы БТга каршы жаны майлуу адъювантты Montanide™ISA-71VG салыштырмалуу изилдөө.

Ири мүйүздүү жаныбарлар менен майда мүйүздүү жаныбарлардын 4 жана 16чы серотиптерге каршы бивалентттик инактивацияланган эмульгирленген вакцинасынын иммуногендик натыйжалуулугун өздөштүрүү .

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иштин бардык бөлүмдөрү автордун жеке катышуусу менен аткарылды. Мониторингдин жүргүзүлүшүн өздөштүрүүдө айрым этаптары боюнча изилдөөдө, вирустук БТнын суспензиялык ыкма менен өстүрүүдө жана анын инактивациясынын биологиялык магистрлеринин курамындагы Ершебулов З.Д., Таранов Д.С. жана ветеринария илиминин доктору Абдураимовдор Е.О. менен биргеликте жүргүзүлгөн тажрыйбага кошкон салымдарына автор ыраазычылыгын билдирет.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациялары.** Диссертациялык иштин жыйынтыктарындагы негизги материалдар: Биологиялык коопсуздуктардын көйгөйлөрү илим-изилдөө институтунун 50-жылдык юбилейине арналган Эл аралык илимий-практикалык конференциясында (Алматы, 2008); БиоТех Астана аттуу Iчи Эл аралык конференциясында (Астана, 2008); «Ветеринардык медицинанын, тамак-өнөр жайынын, айыл чарбадагы биотехнологиянын актуалдуу проблемалары» деген Эл аралык илимий-практикалык конференциясында (Павлодар, 2008), БиоТех Астана аттуу IIчи Эл аралык конференциясында (Астана, 2011); «Экзотикалуу жана зооантропоноздуу жаныбарлардын өтө коркунучтуу оорулары менен заманбап күрөшүү көйгөйлөрү» аттуу профессор Н. Асановдун 70-жылдык юбилейине арналган Эл аралык илимий-практикалык конференциясында (Алматы, 2012) баяндалып талкууланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук чагылдырылышы.** Изилдөөнүн жыйынтыгында 11 илимий иш жарык көрүп, анын ичинде 2 илимий макала РИНЦтин мезгилдүү илимий басылмаларындагы журналдарда басылып чыккан, Аткарылган иштин жыйынтыгында 5 автордук күбөлүк алынган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертация компьютерде терилген 196 беттен жана бөлүмдөрдөн: киришүү, адабий серептерден, жеке изилдөөнүн жыйынтыгынан, тыянактардан жана практикалык сунуштардан

турат. Колдонулган адабияттын тизмеси 199 булактан турат да, анын ичинде 121 булак чет элдик авторлордуку. Мындан тышкары, 35 сүрөттөр жана 29 таблицалар көрсөтүлгөн. Аткарылган изилдөөнүн аныктыгын тастыктаган 10 тиркеме көрсөтүлгөн.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** Эл аралык эпизоотиялык бюронун талабына ылайык илимий иштин актуалдуулугу жана вирустук БТга каршы вакцинаны даярдоо технологиясын өркүндөтүү зарылдыгы көрсөтүлгөн.

**I бөлүмдөгү адабий серепте** ата мекендик жана чет элдик адабияттардын булактарында оорунун жайылтылышы, экономикалык зыяндуулугу, вирустун биологиялык касиеттери, эпизоотиялык жагдайы, эпизоотияга каршы иш-чаралары, спецификалык профилактикалары, ошондой эле бул ооруга каршы классикалык технология менен вакцинаны даярдоо көрсөтүлүп жана анализ берилген.

**II бөлүмдөгү «Изилдөөнүн материалдары жана ыкмаларында»** вирусологиялык, биотехнологиялык жана изилденүүчү обьекттердин иммунологиялык ыкмалары келтирилген.

2007-жылы мониторингдик изилдөөдө Таджикстан Республикасындагы ооруган койлордон бөлүнүп чыккан вирустук БТ 4 жана 16 серотиптеги вируленттик штаммдар иш жүзүндө колдонулган.

*Изилдөө объектиси* БТ ыланынын 4 жана 16 серотиптеринин вируленттик штаммдары жана вакцина даярдоо технологиясы болуп табылат.

*Изилдөө предмети*

1. БТ виурсунун 4 жана 16 серотиптеринин культуралдык касиеттери.
2. Вакцина даярдоо учун адъюванттардун иммуностимулдик эффектүүлүгү.
3. Блутанг ыланына каршы даярдап чыккан вакцинанын жаныбарлардагы иммуногендик активтүүлүгү.

***Вирустук блутангды өөрчүтүү*** жалпы кабыл алынган ыкма менен ВНК-21 үзгүлтүксүз клеткаларды өстүрүү боюнча жүргүзүлөт. (37,0±0,5)°С инкубированланган температурада клеткаларга 0,1 $ТЦД_{50}$/кл дозасында жуктурулган.

***Вирустун инактивациялануусу.*** Вирус 12 сааттын ичинде БПЛ 0,1% концентрациясы менен инактивацияланды. Вирустун БТнын толугу менен инактивацияланышы 3 жолку пассирлөө жолунда Vero клеткасын өөрчүтүү менен аныкталды, ошондой эле 2-3 күндүк сүт эмүүчү майда чычкандарга интрацеребралдык жол менен жуктурулду.

***Вакцинанын түзүлүшү***. Инактивациялык серотиптерди бирдей антигендик жүктө бириктирип, андан кийин вакцинаны майлуу адъювантты Montanide ISA-71VG менен бириктирилген жол аркылуу даярдалды жана

вирустук БТ инактировандык антигендин салмагы 7:3 катышында, лабораториялык эмулсордун (7-10 мин. ичинде 3000 көл/мин.) жардамы менен эмульсия даяр болгуча дыкаттык менен аралаштырабыз.

Ири мүйүздүү жаныбарлар менен майда мүйүздүү жаныбарлардын ар кандай жаштагы жергиликтүү тукумдардын, ийгиликтүү чарбадагы курч инфекциялык оорулуулары жеткирилип, ***вакцинанын иммуногендүүлүгүнө жана коопсуздугуна*** баа берилди.

***Вакцинанын коопсуздугун*** койлордун булчуңуна саюу ыкмасы менен текшердик. Вакцинаны койдун санынын ички тарабынан 5 мл берилген.

***Вакцинанын иммуногендүүлүгүн*** оорубаган, эмделбеген койлордо, эчкилерде жана жашы 6-12 айлык, семиздиги орто жана жогорку торпоктордо текшеришкен. Вакцинаны кой жана эчкилерге 1 мл булчуңга сандын ички тарабынан беришкен, ал эми торпокторго 2 мл үчүнчү моюн омурткасынын айланасына беришкен. Көзөмөлдүк жаныбарлардын группасын вирустук БТга каршы эмдебей калтырдык. Бардык жаныбарлардын группасын 360 күндүн ичинде байкоого алынды. Байкоо убагында ар бир айдын аралыгында антиденечелердин РН жана ИФАда калыптандыруу динамикасын өздөштүрүү үчүн кандын плазмасын алдык. Эмделгенден кийин 4 жана 16 серотиптеги эки эппизотиялык штаммдары менен 5 мл дозасында вирус көк боор гомогендик аралашмасы жана вируленттүү кан менен көзөмөлдүк жугузууну жүргүзүлдү, ал эми вирустун титри $10^3$-$10^4$ $ИД_{50}$/мл барабар болгон. Бир эле убакытта ошондой эле дозада эмделбеген жаныбарларга жуктурушкан. Жаныбарлардын реакциясын ооруунун белгилерин баалоо 30 баллдык шкала менен эске алынды (Сергеев, 1974). Көзөмөлдүк жана эмделген жаныбарлардын иммунитетинин туруктуулугун клиникалык реакциянын айырмасы менен бааладык: иммунитеттин жоктугу - 0-7 балл, алсыз иммунитет - 7-12 балл, орточо иммунитет – 12-16 балл, көрүнүп турган иммунитет - 16 баллдан жогору.

***Бардык статистикалык анализдер*** GraphPadPrism® 6.0 версиясында жүргүзүлгөн. Жаныбарлардын дене табынын температурасын орто эсеп менен эске алып, серологиянын маалыматтары, жаныбарлардын клиникалык белгилери стандарттык каталар менен чыгарылды. Бардык жарыяланган көлөмдөрдүн маанилүүлүгү критериялык босогодон ($p<0,05$) кем эмес болду.

**III бөлүмдөгү «Изилдөөнүн өздүк жыйынтыктарында»** Казакстандын түштүгүндөгү вирустук БТга антиденечелердин болушу жаныбарлардын серомониторингдик изилдөөсүндө көрсөтүлгөн. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында ИМЖ вирустук БТгы кандын плазмасында 11,8 % антиденече камтылган, ошондой эле ММЖ 14,21 % кандын плазмасында оң болуп чыккандыгы вирустук БТ берилген аймактарда бар экендиги жөнүндө далилдеп турат.

**БТга каршы эксперименталдык сериянын даярдоосу үчүн алынган биомассанын вирусу.** Биздин изилдөөнүн биринчи этабында суспензиялык

шарттарда ВНК-21 жана EL-4 клеткаларынын өөрчүп-өсүү жөндөмдүүлүгүн аныктоо болгон. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр клеткалардын динамикалык топтолушун ВНК-21ди колдонгондо 3 күнү, EL-4тү колдонгондо 4чү күнү чокуга чыкканын көрсөтүп, андан соң клеткалардын өсүшү токтоп жана жашоого болгон жөндөмдүүлүгү төмөндөгөн. Ошентип, экөөнү тең суспензиялык шарттарда өстүрүүгө болорун, мыкты тажрыйба жолу менен аныктадык. Бирок, тиешелүү түрдө активдүү биомассасынын чыгуусу жана кийинки этаптарда вирустук БТга болгон клетканын сезгичтигин өздөштүрүү керек болгон.

Вирустук БТнын өрчүтүү шарттарын аныктоодо биореактордогу бурганактап аралаштырган ылдамдыгын, клетканын концентрациясын жана вирустун өөрчүшүнүн узактыгы изилденди. Тажрыйбанын жыйынтыгы 1 таблицада көрсөтүлгөн.

1 таблица – ВНК-21 жана EL-4 клеткаларынын БИОК-022с биореактордогу өөрчүп-өсүүсүндөгү вирустук БТнын активдүүлүгү

| Пассаждык денгээл | Биологиялык активдүүлүк, lg ТЦД$_{50}$/см$^3$ (X±m), n=3 | | | | *p*-мааниси |
|---|---|---|---|---|---|
| | EL-4 | | ВНК-21 | | |
| | 4-серотип | 16-серотип | 4-серотип | 16-серотип | |
| 1 | 4,12±0,07 | 4,25±0,08 | 6,75±0,10 | 6,81±0,16 | <0.0001 |
| 2 | 6,58±0,22 | 6,81±0,12 | 6,33±0,22 | 6,55±0,12 | 0.02 |
| 3 | 6,16±0,22 | 6,75±0,07 | 6,75±0,14 | 7,00±0,08 | <0.0001 |
| 4 | 5,83±0,08 | 5,91±0,16 | 7,75±0,10 | 7,25±0,11 | <0.0001 |
| 5 | 4,91±0,16 | 5,12±0,13 | 6,75±0,14 | 7,00±0,08 | <0.0001 |
| 6 | 4,83±0,08 | 5,25±0,11 | 7,66±0,08 | 7,25±0,11 | <0.0001 |

Өткөрүлгөн вирустук БТнын өөрчүлүшү боюнча тажрыйбанын жыйынтыгында клетканын суспензиялык сызыгы өздөштүрүлүп, белгиленген клеткалардын жогорку пролиферативдик касиеттери, биринчи пассаждан баштап вирустун массасы жогору репродукцияланган. Ошондуктан вирустун жогорку титрлери ВНК-21дин клетканын өөрчүлүшүндө топтолгон. Ошондуктан вирустун титрлерине жараша клетканын өөрчүшүнүн олуттуу айырмачылыктар кездешти ($p<0.0001$).

Кийинки эксперименттерде вирустук БТнын топтолуш туруктулуугунун деңгээлин аныктоодо, EL-4 клеткаларынын пассажында санынын көбөйүүсү, вирустун титри ар бир пассажда олуттуу түрдө төмөндөйт ($p<0.0001$).

Кийинки тажрыйбанын серияларында инфекцияланган дозага жараша вирустун репродукциясы, өөрчүлүүнүн узактыгы өздөштүрүлгөн. Бул максат менен ВНК-21 клеткасын 0,1; 0,2 и 1,0 ТЦД$_{50}$/кл дозасында ВБТ жуктурулган. 0,2 ТЦД$_{50}$/кл (4 - 5 кун) инокуляциясына караганда, 0,1 ТЦД$_{50}$/кл минималдуу

жугуштуу дозасында өөрчүү процесси 1-2 күнгө (до 6-7 күн) узартылат. Эң көп вирустун титр топтолусу 0,2ТЦД$_{50}$/кл 4-6-чы өрчүтүү күндөрүндө - 6,00 ÷ 7,83lg ТЦД$_{50}$/см$^3$ жуктуруу дозасында байкалган. 1,0 ТЦД$_{50}$/кл жуктуруу дозасынын көбөйүүсү культуралдык суспензияда вирустун титрин топтоп, көбөйүшүнө алып келген эмес. Ошондой эле 0,2 ТЦД$_{50}$/кл дозасында өрчүтүлгөн клетканы жуктурууда вирустун биомассасында биологиялык вирус титринин активдүүлүгү максималдуу ($P<0,05$) көрсөткүчтөрү болгон жана анын статистикасы башка жуктурулган дозаларына караганда жогору көрсөткөн (0.1 ж е1.0 ТЦД$_{50/кл}$). Бул адабияттар боюнча биз кабыл алынган жыйынтыктарга туура келет, 0,1 ден баштап 0,2 чейин ТЦД$_{50}$/кл ВБТнын башка вакцина штаммдарында оптималдуу жугузуу дозасы болгон. Кийинки тажрыйбаларга таянып 0,1 ÷ 0,2 ТЦД$_{50}$/кл жуктуруу дозасы колдонулган.

Кийинки тажрыйбанын серияларында өзгөрүүсү жок орто суспензиялык шартта өсүүнү колдоо менен өзгөрүүсү ВНК-21 клеткасынын өсүүсүн вирус топтоо мүмкүнчүлүгүн изилдеп чыктык. Изилдөөнүн жыйынтыгы 2 таблицада көрсөтүлгөн.

2 таблица – Өстүрүүнүн суспензиялык ыкмасындагы вирустук БТ репродукциясына болгон азыктык чөйрөнүн алмашуу таасири

| Протокол | Өстүрүү убактысы, ч | Вирустун дозасы, ТЦД$_{50}$/кл | Вирустун титри, lg ТЦД$_{50}$/см$^3$ | Антигендин активдүү-лүгү, $\log_2$ |
|---|---|---|---|---|
| Азык чөйрөсүндөгү өзгөрүүнүн жоктугу | 96 | 0,1 | 5,6 ± 0,33 | 3.0 |
| Азык чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдүн болушу | 120 | 0,1 | 7,25±0,14 | 5.0 |

2 таблицада көргөтүлгөндөй, вирустук БТнын репродукцияланышына суспензиялык шартта өстүрүлгөндө чөйрөнүн өзгөрүүсү бир кыйла таасирин берет. Ошентип, 1 күндүк өрчүтүү мөөнөтүнөн кыскартылса азыктандырылган чөйрөнү алмаштырбаса 5,6±0,33 lg ТЦД$_{50}$/см$^3$ жана 3 $\log_2$ вирустун биологиялык жана антигендик активдүүлүгү төмөндөйт, суспензиялык азыктандырылган чөйрөнү алмаштыруу менен салыштырганда тиешелүү түрдө 7,25±0,14 lg ТЦД$_{50}$/см$^3$ жана 5 $\log_2$ катыштагы активдүүлүгүн түзөт.

Кийинки тажрыйбанын серияларында суутек иондорунун (рН мааниси) таасирдүүлүгүнүн концентрациясы менен вирусту чөйрөдө топтоонун өлчөмүнүн колдоосун аныктадык. Тандалган тажрыйбанын серияларындагы оптималдуу рН ПСС азыктандырылган чөйрөнүн көлөмү 6,9 баштап 8,0 чейин диапозонунда өткөрүлгөн. Алынган жыйынтык 3 таблицада көрсөтүлгөн.

3 таблица – Өстүрүүнүн суспензиялык шарттарындагы клеткалык өстүрүүдөгү ВНК-21 вирустук БТ репродукциясын колдогон чөйрөнүн рН болгон таасирлери

| рН чөйрөлөрү | Вирустун титрлери, lg ТЦД$_{50}$/см$^3$ | ИФАгы антигендин активдүүлүгү |
|---|---|---|
| 6,9- 7,1 | 5,67±0,08 | 1:16 |
| 7,2-7,4 | 7,33±0,08 | 1:64 |
| 7,5-7,7 | 6,42±0,08 | 1:32 |

3 таблицада көрсөтүлгөндөй, ВНК-21 өрчүтүлгөн клеткасында 7,2 баштап 7,7 чейинки маанисинде вирус түрдө активдүү репродуцияланышат. Ошол эле убакытта рН чөйрөнүн кычкыл тарабына өзгөрүлүүсү, вирустун топтолуу өлчөмүнүн төмөндөшүнө алып келет.

Ошентип, вирустук БТны ири масштабдуу өстүрүү үчүн оптималдуу 7,2-7,7 рН чөйрөсү сунушталат, анткени бул рН мааниси вирустук БТнын репродукцияланышына ылайыктуу.

Ошондуктан, изилдөөнүн жыйынтыгында клеткалык субстрат (ВНК-21) аныкталган, ошондой эле вирус камтыган суспензияны 7,50÷7,75 lgТЦД$_{50}$/мл биологиялык активдүүлүгү менен алууга мүмкүнчүлүк берген вирустук БТны (0,1ден 0,2 чейин ТЦД$_{50}$/кл жугузуу дозасы, ИМЖ кандын плазмасында - 5% чөйрөдө колдоосу, 37°С температурасында 120 сааттын ичинде инкубацияланууу), өөрчүтүүдөгү оптималдуу параметрлери аныкталган.

Диагностикалык жана профилактикалык препараттарды даярдоо үчүн

ири масштабдуу өөрчүтүлгөн жогорку активдүү вирус камтыган материалдар көрсөтүлгөн жарактуу параметрлерди сактоого мүмкүнчүлүк берет.

**БТка каршы вакцинаны даярдалышы үчүн вирустун инактивацияланышы.** Биздин кийинки ишибиздин максаты вирустук БТ БПЛнын инактивация режимин жакшыртуу, инактиванттын концентрациясынын таасирин, рН реакциялык чөйрөсүн, температурасын, инактивациялык процессинин узактыгын изилдөө жана бул берилген параметрлери, вирустун антигендик касиеттерине таасирдүүлүгү тастыктоо.

Вирустун инактивацияланышы (2-8), 22 жана 37$^0$ С температурада 0,05%, 0,1% жана 0,2% БПЛ колдонулуп, өткөрүлгөн. Анткени, 2-8$^0$С жана 22$^0$С температурасында бардык сыналган концентрацияларында инфекциянын сакталышы жана антигендик активдүүлүгүнүн жоголушу байкалган.




1 сүр. (37±0,5) $^0$С температурдагы вирустук БТ инактивациянын кинетикасы.

1 сүрөттүн маалыматтарында көрсөтүлгөндөй, (37±0,5) $^0$С инактиванттык концентрациясы 0,05 % жана 0,2 %де вирус 6-12 сааттан кийин инфекциялык, ошондой эле антигендик активдүүлүгүн жоготот. Инактиванттын концентрациясынын жүрүшүндө антигендик активдүүлүгүн максималдуу сакталышы менен 9 сааттын ичинде 0,1% ВБТнын инфекциялык активдүүлүктүн толук инактивацияланат.

Кийинки биз жүргүзгөн эксперимент изилдөөлөрдө рН реакциялык чөйрөдө терилген, жогорку инактивировандык ВБТны антигендик активдүүлүгү менен алуу жөнгө салынды. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жүрүшүндө сыналган (6,5-6,9; 7,0-7,4 и 7,5-8,0) рН маанилүү реакциялык чөйрөдө узагыраак инактивациялык процессинде рН (7,0-7,4) маанисинде аныкталган. Вирустун антигендик активдүүлүгү инактивацияланган убакыттын ичинде, алгачкы деңгээлде калган.

Жогорку келтирилген изилдөөнүн жыйынтыктарын анализдесек вирустук БЛ 0,1% концентрациясында (37±0,5) $^0$С температурадагы 12 сааттын ичинде ВБТнын инфекциялык касиеттерин толук бузат - деп белгилесек болот, ушул эле учурда антигендик активдүүлүгүн сактап калат.

**Вакцинаны даярдоо үчүн эффективдүү адьювантты тандоо**. Адьювантты туура тандоодо вакцинанын эффективдүү иштөөсүндө маанилүү милдет болуп эсептелинет. Адьюванттарды тандоодогу максат жана алардын эффективдүүлүгүн өздөштүрүү үчүн биз жактан кийинки сыноолордо өткөрүлгөн: сапониндин (сорбировандуу вакцина) гидроокись алюминий менен жана жаңы майлуу Montanide™ISA-71VG адьюванты Seppic (эмульгирленген вакцина) француз фирмасы. Даярдалгандан кийин вакцинанын эки түрүн рН маанисине, илешкектүүлүгүнө, эмульсиялык туруктуулугуна өлчөгөнбүз. Реактогендүүлүктү өздөштүрүп жатканда эмделген жаныбарларга вакцинанын

берилиши, жаныбарлардын жалпы абалы, анын ичинде жергиликтүү реакциясы эске алынган. ГОА 10 мг/мл сы бар вакцинаны бергенден кийин, эмделген жаныбарларга иньекция жасалган жеринде тыгыздалуу байкалган, алар акырындык менен таркап жана эмделгенден кийин 7-10 күндүн ичинде жоголуп кеткени байкалды. Ошондой эле бул группанын 90% жаныбарларында 2-3 күндүн ичинде 40,5 жана 40,6°С чейин безгек жана адъювант (гидроокись алюминий) менен берилген вакцинаны сайганы үчүн аксап калышкандыгы байкалган.




2 сүр. Эмульгирленген жана сорбировандык вакцина менен эмделген жаныбарлардын температурлык реакциялары.

Вакцинанын эмульгирленген реактогендүүлүгүн өздөштүрүп жатканда, булчуңдун ичине берилген 2 мл өлчөмдөгү иньекция кылган жеринде клиникалык өзгөрүүлөр байкалбаган, ошондой эле дененин табы физиологиялык норманын чегинде болгондугу аныкталган. Жаныбарларды көзөмөлдөө мезгилинде клиникалык акыбалы канааттандыраарлык болгон.

Кийинки тажрыйбаларда койго (n=5) эмульгирленген жана абсорбциялык вакцинаны иммуногендик даярдоосун өздөштүрдүк. ВНАнын вирустук БТга топтолгон динамикасынын жыйынтыгы 3 сүрөттө көрсөтүлгөн.




Антиденечилердин ортача титрлери ± SD боюнча келтирилген. Статистикалык анализ t-тест боюнча жүргүзүлгөн. * - $p<0.05$.

3 сүр. Эмделген жаныбарлардагы ВНА динамикалык түзүлүүсүн изилдөөнүн жыйынтыктары.

Өткөрүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарында ВНА эмделгенден соң койлордо 7 күндөн кийин чыкпаганы билинген, ал эми иммунизациялоодон кийин 14, 21, 28 жана 40 күндөрүндө ВНА 2,0 жана 7,0 $\log_2$ титрлеринде табылды. Бирок, иммунизациялоодон кийин 28 күндөрдө сорбировандык вакцина менен эмделген жаныбарларда бир аз ВНАнын төмөндөшү байкалган, орто эсеп менен 7,0 $\log_2$ чейин. Ошондуктан, БТка каршы инактивировандык вакцинаны даярдоо үчүн MontanideISA-71VG адьюванты эффективдүү болуп эсептелинет, анткени эмделген жаныбарларга бул адьювант терс таасирин тийгизбейт, сорбировандык вакциналарды жогорку титрларга салыштырганда вирусту нейтрализациялаштырууда антителолорунун өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Өткөрүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында иммуностимулдаштыруунун эффективдүүлүгүн өздөштүрүү натыйжасы менен реактогенндик тестирлөө адьювантын салыштырсак эң жакшы иммунобиологиялык көрсөтмөлөрдөн майлуу адьюванты Montanide™ISA-71VG оптималдуу жана жаңы вакциналардын составына кирген деп табылган.

**Вакцинын минималдуу эмдөө дозасын аныктоо.** Вакцинанын минималдуу эмдөөчү дозасын 50%тик иммунизациялоо вакцинанын дозасынын натыйжасында (ИмД$_{50}$) аныктадык. Аныктоонун жыйынтыгында 4 жана 16

вирустук БТ серотиптерине каршы болгон инактивациялык эмульгирленген вакцина (4 табл.) көрсөтүлгөн.

4 таблица – Вирустук БТга каршы биваленттик инактивациялык эмульгирленген вакцина ИмД$_{50}$ аныктоо

| Вакцинанын катыштары | Көзөмөлдүк козуларды жуктуруу | | | Антиденеченин титрлери РН, $log_2$ | | ИмД$_{50}$, мл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | тажрый бада | Иммунд алган | Орточо группа боюнча, баллдардагы реакциялар | ВБТ 4 | ВБТ 16 | |
| 1:2 | 6 | 6 | 0±0,00 | 1,7±0,43 | 1,8±0,21 | 0,041 |
| 1:4 | 6 | 6 | 0±0,0 | 1,5±0,18 | 1,6±0,22 | |
| 1:16 | 6 | 3 | 5±3,0 | 1,1±0,22 | 1,3±0,21 | |
| 1:32 | 6 | 2 | 12±3,2 | - | - | |
| Плацебо (көзөмөл) | 6 | 0 | 20±5,1 | - | - | |
| Эскертүү: «-» РН антиденече табылган жок. | | | | | | |

